**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде окутулуучу “Манас” үчилтиги боюнча маалымат**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылы 28-июнунда №28 “Манас” эпосунун үчилтигин сактоого, өнүктүрүүгө жана даңазалоого байланышкан мыйзамына КР Президенти Р.Отунбаева тарабынан кабыл алынган.

Аталган мыйзамдын 4-беренесинде, Мамлекет Кыргызстандын калкынын кеңири катмарынын арасында билим берүү уюмдарында "Манас" эпосунун үчилтигин ар тараптан окутуп, үйрөтүү үчүн шарттарын түзүү боюнча,талаптар каралган.

Кыргыз эпосу “Манас” дүйнөдөгү эпикалык чыгармалардан өзгөчө орунду ээлейт. 1995-жылдан бери системалуу түрдө иш болгондой. “Манас”-1000 өткөрүлүп, дүйнөгө таанытуу үчүн башка тилдерге которулган. Англис тилине Уолтер Мэй которуп, бирок Ташкенде басылып, аз санда чыккандыктан бүгүнкү күндө улуттук китепканалардан табууга болбойт. Ошондой эле, орус тилинде Москвадагы М. Горький атындагы Дүйнөлүк адабияттар институту чыгарган 1-2-3-4-томдуктар эгемендикти алганы кайра басылмак түгүл, китептердин өздөрү окутулбайт. Дүйнөгө тараган, чет өлкөлөрдөгү “Манас” эпосунун эпизоддору алынып келип, изилдөөгө алына элек. Мисалы, Франциялык түрколог Реми Дордун Афганстандык манасчы Ашым Афезден жазып алган эпизоду, Кытай Эл Республикасында жашаган боордошторубуздагы “Манас” эпосунун 48 варианты, манасчы Сатыбалды Аалынын “Манастын бабалары” бул фольклордук чыгарма, кыргыз Манастаануучуларына дагы бир өңүттөн изилдөөгө чоң олжо, о, э, В. В. Радловдун варианты, Германиядан чыккан Тыныбектин варианттары али изилдөөлөргө алына элек. Кимдер аркылуу жазылганы, кантип басмадан чыкканы жөнүндө бизде так – таамай маалыматтар жокко эсе. Биз төмөндөгү баяндамабызда билим берүү жаатындагы “Манас” үчилтиги боюнча кыргыз адабияты предметиндеги окуу программасында мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө жараша эпостун тематикасы бөлүштүрүп ыраатуу бөлүп окутулууу.

Манас” үчилтиги кыргыз элинин тарыхы, маданияты, педагогикасы –деп келебиз.

Негизинен «Манас» эпосу орто мектептердин кыргыз адабияты предметинин окуу программасында жалпысынан 2-11класстарда 62 сааттык жүктөм менен берилет. «Манас» эпосун боюнча бардык билим берүү баскычтарында окутуу үчүн атайын иш пландар, программалар, окуу

китептери  КР Билим берүү илим министирлиги буйругу менен КББАнын окумуштуулар тарабынан түзүлүүдө. Илимий-теориялык багыты «Манастаануу» курсу деп аталып, орто мектептердин адабият предметинин окуу программасынын ичинде 11-класстарында 18 сааттык жүктөм менен гана окутулуп келет. Бул көрүнүш,   «Манас» эпосун терең өздөштүрүүгө, үйрөтүүгө жетишсиз.

Ал эми, Бүгүнкү күндө ЖОЖдордо атайын «Манастаануу» дисципланы 30 сааттык жүктөм менен  лекциялар өтүлүүдө жана кадрлар даярдалууда.

“Манас” эпосу жөнүндөКыргыз Республикасынын №59 мыйзамы 2011-жылдын 28-июнунда кабыл алынган.

Учурда жалпы билим берүүчү мектептерде “Кыргыз адабияты” предмети боюнча окуу программасында, “Манас” эпосунун үчилтиги мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата окутуу жүктөмүндө 62 саат берилген. Башталгыч класстарга: 1-2-3-4-класстарга жалпысынан 8 саат.

5 класста – 2 саат, 6 класста – 2 саат, 7 класста – 5 саат, 8 класста – 30 саат, 11 класста – 15 сааттын тегерегинде окутулат.

Албетте, “Манас” үчилтигин окууга, бул берилген сабак жүктөмдөрү жетишсиздик кылат.

“Манастаануу” курсу  мектептерде “Кыргыз адабияты” сабагынын программасынын негизинде берилет.

Ал эми,  “Манас” эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук программасынын алкагында, орто мектептерде “Кыргыз адабияты” окуу программасында “Манас” үчилтиги боюнча сабактардын тематикалык берилиши төмөндөгүдөй таблицада көрсөтүлгөн:

| Класстар | Кыргыз адабият боюнча жылдык саат жүктөмү | “Манас” үч. жылдык саат жүктөмү | “Манас” үчилтиги боюнча темалары | Авторлор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Эне тили 245саат<br><br>Алиппеден кийин 52саат | 2 | 1. Манас баатыр.<br>2.Тайторунун чуркашы.<br><br>3.Кошой менен Жолойдун күрөшү. | С.Рысбаев |
| 2 | Жумасына 3сааттан 103саат | 2 | Кошой дөө менен Жолой дөө | Б.Абдухамидова<br>С.Рысбаев<br>К.Ибраимова |
| 3 | Жумасына 3сааттан 103саат | 2 | 1. Манастын төрөлүшү.<br>2.Манастын бала кези.<br>3.Жолойдун жеңилиши. | Б.Абдухамидова<br>С.Рысбаев<br>К.Ибраимова |
| 4 | Жумасына 3сааттан 103саат | 2 | Кыргыздардын Ала Тоого көчүп келиши. | Б.Абдухамидова<br>С.Рысбаев<br>К.Ибраимова |
| 5 | 68саат | 2 | 1.“Манас” эпосу тууралуу.<br>2.Манастын бала чагы. | К. Артыкбаев<br>Б. Исаков |
| 6 | 102саат | 2 | 1.“Каныкейдин тай торуну чапканы”. | А. Сманбаев<br>Н. Ишекеев |
| 7 | 102саат | 5 | “Манастын уулу Семетей”драмасы Авт.Ж.Садыков | Б.Алымов<br>А.Муратов |
| 8 | 68 саат | 12<br>10<br>8<br>(жал-пы 30 саат) | 1.“Манас”эпосу<br>2.“Семетей”эпосу<br>3. “Сейтек” эпосу | Б.Исаков<br>Ч.Исакова |
| 9 | 102саат | | | Б.Алымов |
| 10 | 102саат | | | К. Асаналиев, С. Байгазиев, С. Жигитов, К. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Иманалиев |
| 11 | 102саат | 15 | Манас таануу курсу | К. Артыкбаев<br>К. Асаналиев<br>С. Байгазиев<br>ж.б. |
| | | | Жалпы 62саат | |

“Кыргыз жана Дүйнөлүк адабияты” предмети боюнча (орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) окуу программасында “Манас” үчилтигинин берилиши

| Класс | “Манас” үчилтиги боюнча сабактын темалары | Саат |
|---|---|---|
| 5-класс | ”Манастын төрөлүшү” | 2 |
| 6-класс | - | - |
| 7-класс | - | - |
| 8-класс | “Манас” эпосу Алтайдан Ала Тоого көчүү | 1 |
| | “Каныкейдин сарамжалы” | 1 |
| | “Семетей” эпосу | 2 |
| | “Сейтек” эпосу | 2 |
| 9-класс | Ж.Сыдыков.”Манастын уулу Семетей” драмасы | 2 |
| 10- класс | “Каныкейдин көз жашы” | 1 |
| | Жалпысы | 11 |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-январындагы № 67 токтому менен бекитилген "Манас" эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча Кыргыз Республикасынын 2012-2017-жылдардагы мезгилге карата Улуттук программасынын алкагында, Кыргыз билим берүү академиясынын окумушту ф.и.д., профессор С. О. Байгазиевдин “Манас” концепциясы”, “Манастаануу” окуу куралы, Улуу “Манас”- улут тиреги”, “Айкөл Манас”, «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары, “Манас жана Чыңгыз” ж. б. эмгектери, п.и.д., профессор С.К. Рысбаевдин «Манас» алиппеси, “Манастаануу” хрестоматиясы, п.и.к., жетектөөчү адис З. К. Мурзалиеванын “Манастаануу” курсу методикалык колдонмосу, окуу программасына ылайыкталган электрондук окуу видео сабактары; -“Манас” эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый орду”, “Көкөтөйдүн ашы”, “Каныкей-кыргыз аялзатынын үлгүлүү образы”, ”Манас” эпосундагы рухий баалуулуктар,- салт-санаа, элдик оюндардын билим берүүдөгү

тарбиялык мааниси” темалары боюнча түзүлүп, мугалимдерге окуу процессинде колдонууга сунушталган.

Ошону менен бирге эле, Эл аралык илимий (симпозиум,конгресс, конференциялар) жыйындарга, мисалы Греция, Монгол, Кытай, Жапон, Россия, Түркия мамлекеттеринде “Манас” үчилтигинин руханий баалуулуктарынын, келечек дени сак муунга берилүүчү билим, таалим-тарбия маселелери жөнүндө макалалары дүйнөлүк басылмаларга окумуштуулар чөйрөсүндө сунушталып, талкууланып, жарыяланууда.

Мындан сырткары, билим берүүгө багытталган КыргызЭл жазуучусу Мар Байжиевдин ”Манас насааты” окуу китеби, Б.К.Оторбаевдин ”Сейтек” эпосун VIII класста окутуу, Манастаануучу Ч. Субакожоеванын “Манас” эпосу искусствонун башка түрлөрүндө” курстук лекциясы, Кытай Эл Республикасында жашап өткөн залкар манасчы Жүсүп Мамайдын өмүр таржымалы (англ, орус, кыргыз тилдеринде) мектеп мугалимдери, ЖОЖдордун окутуучулары, студенттери үчүн жазылып, пайдаланылууда.

Ал эми ЖОЖдордо “Манастаануу” дисциплинасы (30 саат) ар бир окуу жайда инновациялык табылгалар менен өз алдынча программаларын түзүү менен, атайы окутулат.

Бишкек шаардык А. Өмүралиев театры залкар манасчы Жүсүп Мамайдын 100 жылдыгына карата “Манасчы” аттуу Жүсүп Мамайдын вариантындагы “Манас” эпосунун “Манас” бөлүгүн башынан аягына чейин сахналаштырып, мектеп окучууларына, ЖОЖдун студенттерине тартуулашкан (2016) .

Ал эми, куурчак театрында С.К.Рысбаев “Кошой дөө менен Жолой дөө”, “Манастын бала чагы” аттуу сценарийлери, иштелип чыгып, бирок окуу программасына ылайык түзүлгөн мультфильм, каражаттын тартыштыгына байланыштуу өндүрүшкө киргизилбей турууда.

Кыргыз Республикасынын ББжИМ жана КББА, КТРКа менен бирдикте «Манастаануу» интеллектуалдуу телетаймашы үзгүтүксүз өткөрүлүүдө. Бул телетаймашка мектеп окуучулары, кесиптик окуу жайларынын студенттери катышып, жалпы теле көрүүчүлөргө “Манас” эпосу боюнча кызыктуу мелдештик маалыматтарды 10 жылдан ашык берилип келет.

Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун «Манас» эпосунун үчилтигин сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча «2019-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын улуттук программасына» карата жалпы билим берүүчү мектептердин окуу планына «Манас» үчилтигин толук кандуу

окутуу үчүн төмөндөгүдөй шарттар талап кылынат деген  пикирибизди билдирүүнү сунуштайбыз :

- “Манастаануу” курсунун окуу методикалык комплексин иштеп чыгууга каражат бөлүп берүү;

-  “Манастаануу” курсунун электрондук окуу материалын иштеп чыгууга каражат бөлүп берүү;

- “Манас” үчилтигинин мазмундук негизинде класстан тышкаркы окуулар боюнча иштелмелерди түзүү жана мектептерге жайылтуу.

Биз жогоруда токтолгон билим берүү, тарбиялоого карата, КРнын Улуттук программасын  ишке ашырууда келечек муун үчүн  учурдун талабына жараша жүргүзүлүү зарылдыгы  болмокчу.

Аткарган: МурзалиеваЗ.К.

2022. 02.